Момунова Г.А., Бегматов К.П., Исаков С.Р

# БАТКЕН ОБЛУСУНУН ЭКОЛОГИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

Момунова Г.А., Бегматов К.П., Исаков С.Р

# ЭКОЛОГИЧЕСКИЕ ПРОБЛЕМЫ БАТКЕНСКОЙ ОБЛАСТИ

Momunova G., Begmatov K.,Isakov S.

# ECOLOGICAL PROBLEMS OF BATKEN REGION

*УДК: 574*

*Азыркы учурда Баткен облусу эле эмес бүт Кыргызстандын бардык аймагында ал эле эмес дүйнө жүзүндө болуп жаткан экологиялык проблема курч алууда. Баткен облусунда да бир топ экологиялык көйгөйлөр кездешет. Калктын санын өсүүсү менен бирге аларды жаратылыштын ар кандай ресурстары менен камсыз кылуу көйгөйү келип чыгууда. Ар бир адамды таза суу, жер, үй жай, тамак аш, суугат суулары менен камсыз кылуу алар таштаган таштандылардан арылуу, канализацияларды куруу мына ушуга окшогон бир топ орчундуу маселелер көз көрүнө байкалып турат.Булардын баарын жаратылыштан алабыз, ошондуктан адам баласы өзү жашап жаткан жерге кайдыгер карап, аны аздектебесек анда жаратылышта өз өчүн алууда деп эсептесек болот. Жаратылыштын ар кандай кубулуштарына адам баласы туруштук бере албайбыз. Ошондуктан жаратылышка аяр мамиле жасоо жана сактап калуу ар бирибиздин милдетибиз.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Баткен, айлана-чөйрө, экологиялык көйгөйлөр, таштанды, саркынды суулар, жаратылыш, ресурс, аба.*

*В настоящее время на всей территории Кыргызстана, а не только Баткенской области, остро стоит экологическая проблема, которая существует во всем мире. В Баткенской области также наблюдается ряд экологических проблем. Вместе с ростом численности населения возникает проблема обеспечения их различными природными ресурсами. Обеспечение каждого человека чистой водой, землей, жильем, питьевой, водопроводной водой, избавление от мусора, который они выбрасывают, строительство канализации. Все это мы получаем от природы, поэтому можно считать, что человек отомстит природе, если мы не будем пренебрегать и недооценивать место, где он живет. Люди не могут противостоять различным явлениям природы. Поэтому каждый из нас обязан бережно относиться к природе и сохранять ее.*

***Ключевые слова:*** *Баткен, окружающая среда, экологические проблемы, отходы, сточные воды, природа, ресурсы, воздух.*

*Currently, the entire territory of Kyrgyzstan, and not only the Batken region, is facing an acute environmental problem that exists all over the world. There are also a number of environmental problems in the Batken region. Along with population growth, the problem of providing them with various natural resources arises. Providing each person with clean water, land, housing, drinking and tap water, getting rid of the garbage that they throw away, and building a sewer system. We get all this from nature, so we can assume that a person will take revenge on nature if we do not neglect and underestimate the place where he lives. People cannot resist various natural phenomena. Therefore, each of us is obliged to take care of nature and preserve it.*

***Key words:*** *Batken, environment, environmental problems, waste, wastewater, nature, resources, air.*

Азыркы учурда Кыргызстанда пайда болгон экологиялык проблемалар коомдун өнүгүшүн түздөн-түз аныктай турган факторлорго айланып жатат. Бул проблемалардын пайда болушу дүйнө жүзүндө болуп жаткандай эле адам баласы менен жаратылыштык системалардын ортосундагы карама-каршы мамилелерден келип чыгат, башкача айтканда Кыргызстандын аймагындагы демографиялык өнүгүүнүн натыйжасында калктын локалдык санынын кескин өсүп жатышы менен адамдардын керектөөсү өсүп, жаратылышка болгон терс таасирлердин көбөйүшү жана ресурстарды үнөмсүз пайдалануу күн сайын өсүп турат [2].

Жаратылышты өзгөртүүдө адамдын ролу барган сайын маанилүү болуп баратат. Калктын өсүүсү жаратылыш ресурстарын эксплуатациялоону күчөтөт.

Баткен облусунун экологиялык абалына илимий негизде баа берүү аркылуу облустун экологиясы азыркы күндө негизги маселелердин бири болуп саналат. Антропогендик факторлордун экологияга тийгизген таасирлерин аныктай албай туруп, облустун экологиялык абалына баа берүү мүмкүн эмес. Баткен облусунда таза суу, суугат суулары, канализациялар менен камсыз кылуу, таштандылардан

арылуу, шаарды көрктөндүрүү, өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды коргоо сыяктуу бир топ орчундуу маселелер көз көрүнө байкалып турат.

Азыркы учурда Кыргызстандын бардык жеринде анын ичинде Баткен облусунда да автозаправкалар шаардын чок ортосуна курулгандыктан, калк көп чогулган жерде элдин массалык коопсуздугуна, анын ичинде экологиялык коопсуздугуна коркунуч келтирүүдө.

Экологиялык нормаларын, курулуш стандарттарынын нормаларын кайра карап чыгып, шаар ичиндеги автозаправкаларды шаардын четине көчүрүү мезгилдин заманбап талабы экенинин талашсыз.

Баткен обулустундагы негизги проблемалар ичүүчү суунун жетишсиздиги, канализациянын жоктугу, “Кадамжай сурма комбинатынын”, “Хайдархан сымап комбинатынын” таштанды төгүүчү жайлары калктуу конушка жакын жерде жайгашкандыгы.

**Таштанды**–сырьёнун, ар кандай материалдардын жана башкалардын бөлүгү, калдыгы же баштапкы сапатын жоготкон продукция. Алар атайын бөлүнүп берилген жерлерге төгүлүп, коюлган шарттарга жооп бериши талап кылынат. Таштанды кээде сырьё катары кайрадан иштетилет же жок кылынып, көмүлөт. Таштанды айлана-чөйрөнү булгоочу заттардын негизгилеринен. Ал адамдын саламаттыгына, тирүү организмдерге жана айлана-чөйрөгө терс таасирин тийгизет. Алар энергетикадан, өнөр жайдан, айыл чарбадан, транспорттон, турак жайдан жана башкалардан түрдүү жолдор (газ, суюк, катуу абалында) менен чөйрөгө бөлүнөт да, экологиялык проблемалардын өзөгүн түзөт. Мисалы, автотранспорттон ж. б. тармактан бөлүнгөн түтүндүн жана башка заттардын кесепетинен атмосферада смог пайда болот. Ал өз кезегинде адамдын дем алуу органдарын ооруга чалдыктырып, объекттердин бузулушуна алып келет. Таштанды пайда болушу боюнча төмөнкүдөй бөлүнөт: – өндүрүштүк(өнөржай), турмуш-тиричилик калдыктары; агрегаттык абалы боюнча – катуу, суюк, газ абалындагы (түтүн ж. б.); кооптуулугу боюнча – өтө кооптуу, жогорку деңгээлде кооптуу, аз деңгээлде кооптуу, кооптуу эмес ж. б. Ошондой эле турак-жайдан бөлүнгөн таштандылар да маанилүү [5].

Калктын санынын кескин көбөйүүсүнүн натыйжасында айыл чарбасында жана күндөлүк керектөөлөрдө суу ресурстарына болгон муктаждыктар жылдан-жылга көбөйүүдө. Мына ушундай көптөгөн көйгөйлөрдү изилдөө азыркы учурдун талабы болуп турат.

Баткен облусунун калкынын саны 583362 миң (2024-жылдын январь) же республиканын калкынын 8,3 %ын түзөт. Облустун аймагында 3 район, 6 шаар, 31 айыл аймагы бар.

Облустук жана райондук мамлекеттик статистиканын маалыматтары боюнча демаграфиялык

***Таблица1.***

| № | **Аталышы** | **2018** | **2019** | **2020** | **2021** | **2022** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Облустун калкы** | 525125 | 537365 | 548247 | 558652 | 570898 |
| 2 | **Шаардын калкы** | 123972 | 127219 | 129949 | 132682 | 134210 |
| 3 | **Айылдын калкы** | 401153 | 410146 | 418298 | 425970 | 436688 |





***Диаграмма 1. 2018-2022-жылдардагы облустун, шаардын жана айылдын калкынын саны.***





***Диаграмма 2. Баткен облусунун калкынын санынын 2018-2024-жылдардагы абалы.***

Облуста төмөнкү объекттер экологиялык коопсуздук жагынан эң чоң коркунуч туудурат:

1. “Кадамжай сурьма комбинаты” ААКтын балансында №7 жана №8 туз сактагычтарынын карталары бар, алар авариялык абалда, анткени бул карталардын гидроизоляциялык жабуусу көп жерлерде бузулуп, булганган суулардын дренажына алып келет, суу топурак системасына. Табигый буулануу талааларына булганган саркынды сууларды кармоо жана кайра кайтаруу үчүн №7 жана №8 туз сактагычтарынын ылдый жагында күнү-түнү иштеп жаткан төрт тосмо насостук станция орнотулган.

Учурда бул обьектиде экологиялык кыйынчылыктардын алдын алуу максатында “Кадамжай сурма комбинаты” ААКсы тарабынан аталган объектилерди реабилитациялоо, анын ичинде эл аралык экологиялык уюмдардын гранттарын тартуу менен этап-этабы менен чечүү каралууда.

Насостордун иштөө убактысы жер астындагы жана инфильтрациялык суулардын агымынын ылдамдыгына жараша болот. Маселе Өзбекстан Республикасынын аймактарынын трансчегаралык булгануу коркунучу бар экендиги менен да татаалдашат. Туз сактоочу жайдагы экологиялык абалды нормалдаштыруу, трансчегаралык экологиялык катастрофаны болтурбоо максатында төмөнкүдөй иш-чараларды жүргүзүү зарыл

- туздуу көлмөлөрдүн жабыркаган зонасында айлана-чөйрөнүн абалына тереңдетилген мониторинг жүргүзүү; тереңдетилген мониторингдин натыйжалары боюнча комбинаттын ишмердигине экологиялык таасирди баалоо (ЭТБ) жүргүзүү зарыл;

ЭТБнын негизинде айлана-чөйрөнүн транс чек аралык булганышын жоюу боюнча долбоорду иштеп чыгуу. 2. “Хайдархан сымап комбинатынын” таштанды төгүүчү жайлары калктуу конушка жакын жерде жайгашкан, жашылдандыруу иштерин жүргүзүү зарыл.

3. Облустун шаарларында ушул күнгө чейин талаптагыдай сандагы канализация тармактары жок, тазалоочу курулмалардын материалдык-техникалык базасы начар жабдылган.

Кызыл-Кыя шаарындагы саркынды сууларды тазалоочу жай 2010-жылы РФОПтун жана КТЧКнын РЛБнын каржылоосу менен реконструкцияланган. Учурда тазалоочу жай канаатандырарлык иштеп жатат, бирок тазалоочу жайдагы лаборатория канаатандырарлык эмес абалда, жабдуулар жана реактивдер эскирген.

Айдаркен шаарында канализациянын үстүнөн турак үйлөр курулган, Баткен шаарында канализация түйүндөрүнүн 60 пайызы бүтүп, тазалоону талап кылган ж.б. Кадамжай шаарындагы саркынды сууларды тазалоочу жай 1983-жылы ишке киргизилген. Абалы канаатандырарлык эмес.Ошондуктан азыркы күндө иштеп жаткан тазалоочу курулуштарды толук реконструкциялоону жүргүзүү керек. Раззаков шаарында, Лейлек районунда жана Сүлүктү шаарында борборлоштурулган тазалоо курулуштары куруу зарыл.

Коопсуз ичиле турган сууга жетише алган Баткен облусунун калкынын үлүшү республика боюнча өтө төмөнкүлөрдүн бири бойдон калууда, мында 2007-жылдагы 80% дан 2010-жылдагы 72% га кыскаруу каталган. Ошондой эле элдин суу түтүктөрү менен агып келүүчү суу менен камсыз болушу дагы төмөн – 64%.

Облустун шаарларында ушул күнгө чейин талаптагыдай сандагы канализация тармактары жок, тазалоочу курулмалардын материалдык-техникалык базасы начар жабдылган.

Кызыл китепке кирген Айгүл (лат.Petillium Eduardii) - Лилия гүлдүүлөр тукумундагы гүлүбүз коргоого алынганы менен азыркы күндө коргоого муктаж болуп турат акыркы мезгилде гүлдү көргөнү келген жарандарыбыз көрүп эле тим болбостон аны үзүп, алып чыга албай ошол жерге таштап салышат.

Күндөн күнгө саны азайып тикендердин ичинде, тоо боорунда, таштардын арасында адам колу жеткис жерлерде гана калды.



**Сүрөт 1. Айгүл гүлүнүн акыркы жылдардагы абалы**

2022-жылды «Тоо экосистемаларын жана климаттык туруктуулукту коргоо жылы» деп жарыялоонун жана «Жашыл Мурас» улуттук кампаниясынын алкагында Баткен облусунда (МТФ башкасы) 631,43 гектар аянтка жалпысынан 463695 түп көчөт отургузулган, жалпы көктөгөн көчөттүн саны 378710 түптү түздү (өнүмдүлүгү-80,8 %).

Лейлек районунун Кулунда айыл аймагында интенсивдүү багбанчылыкты өнүктүрүү үчүн “Жаратылышты өнүктүрүү фонду” КФнын жардамы 70,0 га жер аянтына 144830 даана тамчылатып сугаруу менен карлик түрүндөгү мөмөлүү дарактар, ал эми Лейлек районунун Кен-Талаа айыл аймагына караштуу Мурас айылынын күн чыгыш тарабына интенсивдүү багбанчылыкты өнүктүрүү үчүн КР нын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги тарабынан 100,0 га жер аянтына 28800 бадам көчөтү отургузулду.

2023-жылда “Жашыл Мурас” улуттук кампаниясынын алкагында Баткен облусунда жалпысынан 1589607 түп көчөт отургузулду, жалпы көктөгөн көчөттүн саны 1417084 түптү түздү (өнүмдүлүгү – 85,3%) [4].

***Таблица 2.***

**Баткен облусу боюнча көчөт отургузуу**

| **№** | **Райондор жана шаарлар** | **2022-ж** | | | **2023-ж** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **Отургузулган көчөттүн саны** | **Көктөгөн көчөттүн саны** | **%** | **Отургузулган көчөттүн саны** | **Көктөгөн көчөттүн саны** | **%** |
| 1 | Баткен району | 66613 | 53855 | 81 | 300129 | 274000 | 91 |
| 2 | Лейлек району | 265674 | 205193 | 77 | 171742 | 152708 | 88 |
| 3 | Кадамжай району | 125176 | 114 985 | 92 | 334602 | 320064 | 92 |
| 4 | Баткен шаары | 3030 | 2860 | 94 | 780129 | 668000 | 85 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 | Сүлүктү шаары | 2520 | 1170 | 46 | 1750 | 1492 | 91 |
| 6 | Кызыл-Кыя шаары | 682 | 647 | 95 | 1255 | 820 | 65 |
| 7 | **Жалпы:** | **463695** | **378710** | **80,8** | **1589607** | **1417084** | **85,3** |

Баткен районунун Дара айыл өкмөтүнүн аймагына “Баткен Таза аймак” ЖЧКсы тарабынан таштандыларды кайра иштетүүчү ишкана ачылып, Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги тарабынан колдоого алынып, “Жаратылышты өнүктүрүү фонду” КФ тарабынан 5млн. сомго жакын колдоо көрсөтүлгөн. Бул жакшы саамалык ушундай иштер мындан ары да көп болушу керек.

Макаланы Б.Коммонердин төмөнкү экологиялык мыйзамдары менен жыйынтыктоону туура көрдүк:

**“Баардыгы баары менен байланышкан”** Жер планетасы бирдиктүү система болгондуктан ар бир компоненти, табигаттагы кубулуштары бири-бири менен тыгыз байланышта. Антропогендик факторлордун жаратылыштын кайсы бир компонентерине таасир тийгизсе ал таасир башка бир компонентерге таасирин тийгизет. Ошондуктан жаратылышты каалагандай пайдаланууга, өзгөртүүгө же жакшыртууга болбойт, анткени ойлонбой жасаган аракеттерибиз күтүлбөгөн жаңы экологиялык проблемаларга алып келет[1].

**“Бардыгы бир жака жайгашышы керек”.** Бул мыйзам материалдуу дүйнөнүн “жоктон бар болбойт жана өзүнөн өзү жоголбойт” б.а. “материянын сакталышы” деген мыйзамга байланыштуу.
Адам баласы кен байлыктарды казып алып кайра иштетүүсү менен ар түрдүү таштандыларды пайда кылып жатат. Адам ар бир чарбалык иш аракетинин натыйжасы табигаттын экологиялык абалына жана өзүнүн ден соолугуна терс таасир эткенин ар дайым эске алуубуз керек.

**“Жаратылыш жакшыраак билет”.**Табигаттка өзгөртүү жана жакшыртуу ар дайым эле биз күткөн натыйжаны бере бербейт.

**“Эч нерсе бекер келбейт”.** Бул мыйзам Б.Коммонердин оюу боюнча алдыңкы 3 мыйзамды камтыйт. Биосфера бул сынап көрүүчү, каалаган багытка карай өзгөртө же жакшырта бере турган обьект эмес. Ошондуктан адам баласы жаратылыш ресурстарын пайдаланса кайра алардын ордун толтурууга же кайра калыбына келүүсүнө аракет жасашы керек ансыз экологиялык абалды ондой албайбыз [1].

Экологиялык маселелерди чечүү жана айлана-чөйрөнүн абалын жакшыртуу үчүн элибиз экологиялык маалыматтар менен камсыз болушу керек. Ошондо ар бир адам өзүнүн жашаган жерин, айлана-чөйрөсүн таза кармоосу жана тиешелүү мекеме ишканаларда өз жоопкерчиликтерин сезүүсү заарыл.

Экологияны сактап калуу ар бирибиздин ыйык милдетибиз!

**Адабияттар:**


1. Т.Б.Мансурова “Кыргызстандын экологиясы” Б:2000-ж.
2. Б.Кулназаров “Жалпы экология” Б:1999-ж.
3. К.Каримова EKOIS экологиялык информациялык сервис-Кыргызстан 22.12.11
4. КРнын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин Баткен регоналдык башкармалыгынан алынган маалыматтар.
5. “Кыргызстан” улуттук энциклопедиясы: 6-том. Башкы редактору Асанов Ү.А. К 97. Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2014. 816 бет, илл. ISBN 978 9967-14-117 -9